КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас кочосу № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**28.11.2024 -ж.** **№1** **Бакай-Ата айылы**

**« Бакай-Ата айылдык кеңештин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө ».**

Эсептөө комиссиясынын №3-протоколун жана Эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 1-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Эсептөө комиссиясынын Бакай-Ата айылдык кеңештин төрагасын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №3-протоколу бекитилсин.
2. Бакай-Ата айылдык кеңештин төрагасы болуп Исабеков Мирлан Тынымбекович шайлангандыгы таанылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **М.Исабеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**28.11.2024 -ж.** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айылдык кеңештин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө**

Эсептөө комиссиясынын №3-протоколун жана Эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 1-кезектеги сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эсептөө комиссиясынын Бакай-Ата айылдык кеңештин төрагасынын орун басарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №3-протоколу бекитилсин.

2. Бакай-Ата айылдык кеңештин төрагасынын орун басары болуп Асанов Максат Сурапбекович шайлангандыгы таанылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **М.Исабеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**28.11.2024-жыл** **№ 3** **Бакай-Ата айылы.**

**“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №199 сандуу тескемеси жана 2024-жылдын 20-сентябрындагы “ Кезектеги Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №271 Жарлыгын аткаруу жөнүндө”.**

“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы “ Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө”№199 сандуу тескемеси жана 2024-жылдын 20-сентябрындагы “Кезектеги Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №271 Жарлыгын аткаруу боюнча маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 1-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы “ Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №199 сандуу тескемеси жана 2024-жылдын 20-сентябрындагы “ Кезектеги Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №271 сандуу Жарлыгы аткарууга алынсын.

2. Бакай-Ата айыл аймагында кезектеги III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркелет)

3. Бакай-Ата айыл аймагында кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүүнү уюштурууга жана техникалык жактан камсыздоого көмөктөшүү боюнча комитети (мындан ары-жумушчу топ) курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Бакай-Ата айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү участкалары жана өкүлчүлүктү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча өткөрүү графиги №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Бакай-Ата айыл аймагында өкүлчүлүктү жыйын 2024-жылдын 07- декабрда саат 10.00 до Бакай-Ата райондук борбордук маданият үйүндө өткөрүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага:** **М.Исабеков**

Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024 - жылдын
28. 11. 24 № 3
токтомуна № 1 тиркеме

**Бакай-Ата айыл аймагында III Элдик Курултайды делегаттарды шайлоону өткөрүүнү уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чара планы.**

| № | Иш чаралардын мазмуну | Аткарууга жооптуу | Мөөнөтү | Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29- августундагы " Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө" ПЖ №215 Жарлыгы менен кабыл алынган убактылуу Жобонун ченемдери тууралуу калк арасында маалыматтык өнөктүктөрүн уюштуруу | Бакай-Ата айыл өкмөтү | Октябрь-ноябрь | |
| 2. | Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүүнү уюштурууда материалдык-техникалык базалар менен камсыздоого көмөктөшүү. | Бакай-Ата айыл өкмөтү | Октябрь-ноябрь | |
| 3. | Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүүдө катышуучулардын коопсуздугун сактоо, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу. | Бакай-Ата РИИБ | Октябрь-ноябрь | |
| 4. | Элдик Курултай жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жүрүшүн кеңири чагылдырып, атайын рубрикаларды уюштуруу. | "bakaiata kg" сайтыны өкүлү А.Карабатов | | |
| 5. | Атайын түзүлгөн графиктин негизинде жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнү уюштуруу. | Бакай-Ата айыл өкмөтү | Графиктин негизинде | |

**Бакай-Ата айылдык кеңешинин жооптуу катчысы: Н. Дубанаев**

Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024 - жылдын
28.11.24 № 3
токтомуна №2 тиркеме

**III Элдик Курултайды өткөрүүнү уюштурууга жана техникалык жактан камсыздоого көмөктөшүү боюнча Бакай-Ата айыл аймагынын жумушчу топтун курамы.**

1.1. М.Исабеков - Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңештин төрагасы, уюштуруу комитетинин төрагасы;
1.2.Н. Дубанаев - Бакай-Ата айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, төраганын орун басары;
1.3.А. Кабылбекова - Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн санариптештирүү жана кагаздарды жүргүзүү боюнча адиси, катчысы;

**Уюштуруу комитетинин мүчөлөрү:**

1.4.Б.Джакыбалиев - Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты
1.5. Г.Сапаралиева - Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты;
1.6. А.Ниязбеков - Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты;
1.7. М.Асанов - Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты;
1.6. Г. Джолдошева - Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты;
1.7 К.Батырбекова - Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты;
1.8.А.Дуйшенова - Бакай-Ата айыл аймагынын аялдар кеңешинин төрайымы;
1.9. Б.Турдубаев - Миң-Булак айылынын айыл башчысы;
1.10. К.Кочералиев - Наматбек айылынын айыл башчысы;
1.11. И.Байтиков -Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн киреше жана инвестиция тартуу боюнча башкы адиси;
1.12. А.Малабаев -Бакай-Ата айыл аймагынын аксакалдар сотунун төрагасы;
1.13.А.Каработоев - Бакай-Ата айыл аймагынын жаштар кеңешинин мүчөсү.

**Бакай-Ата айылдык кеңешинин жооптуу катчысы: Н. Дубанаев**

Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024 - жылдын
28.11.24 № 3
токтомуна № 3 тиркеме

## Бакай-Ата айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жана өкүлчүлүктү жыйындарын өткөрүү графиги.

| № | Жааматтар (делегаттарды шайлоо) | Аткарууга жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | Наматбек айылы. | Бакай-Ата айылдык кеңешинин төрагасы .IIIЭлдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 04-декабрда саат 10.00 до, “ И Жанчаров” атындагы жалпы билим берүү мектебинин жыйындар залында. |
| 2. | Миң-Булак айылы. | Бакай-Ата айылдык кеңешинин төрагасы .IIIЭлдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 04-декабрды саат 14.00до Миң-Булак маданият үйүнүн жыйындар залында. |
| 3. | “ Борбордук”участкасы | Бакай-Ата айылдык кеңешинин төрагасы III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 05-декабрда саат 10.00до Бакай-Ата райондук маданият үйүнүн жыйындар залында. |
| 4. | “ Чоң-Алыш” участкасы | Бакай-Ата айылдык кеңешинин төрагасы III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 05-декабрда саат 14.00до“Бердике уулу Нарикбай” атындагы жалпы билим берүү мектебинин жыйындар залында. |
| 5 | Өкүлчүлүктү жыйын | Бакай-Ата айылдык кеңешинин төрагасы III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 07-декабрда саат 10.00до Бакай-Ата райондук маданият үйүнүн жыйындар залында. |

Бакай-Ата айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Дубанаев